DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Ибраимова Г.З., Нуркулова Н.М.*

# АЯЛДАРГА КАРАТА ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУКТУН АЛДЫН АЛУУСУ

*Ибраимова Г.З., Нуркулова Н.М.*

# ПРЕДУПРЕЖДЕНИЕ ГЕНДЕРНОГО НАСИЛИЯ В ОТНОШЕНИИ ЖЕНЩИН

*G.Z. Ibraimova, N.M. Nurkulova*

# PREVENTION OF GENDER-BASED VIOLENCE AGAINST WOMEN

*УДК: 34.343*

*Бул макалада жалпы дүйнө жүзүндө жана Кыргызстанда аялдарга карата гендердик зомбулуктун абалдары жана агымдары жөнүндө базалык билимдердин системасын калыптандыруу. Гендердик тең укуктуулук Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүндөгү артыкчылыктуу багыттардын бири болуп эсептелет. Гендердик зомбулук жабырлануучулардын ден соолугунун жалпы абалына: сексуалдык, репродуктивдик, ички жана психикалык ден-соолугуна өтө олуттуу таасирин тийгизет. Гендердик зомбулуктун зыяндары өтө тез жана курч формада пайда болуп калышы мүмкүн, өнөкөттүк мүнөзгө айланып, узак убакытка чейин коштолуусу дагы мүмкүн. Ошондой эле, жаракаттардын зыяндары зомбулук бүткөндөн кийин дагы узак убакытка чейин кетпей калат. Зомбулуктун деңгээли канчалык орчундуу болсо, анын ден соолукка тийгизген таасири дагы күчтүүрөк. Зомбулуктун бир нече түрлөрүнүн таасири (мисалы, сексуалдык зомбулуктун дене бойлук зомбулук менен аралашуусу) жана\же узак убакыт бою зомбулуктун көп жолу жасалышы, адатта ден соолук үчүн олуттуу зыяндарды алып келет.*

***Негизги сөздөр:*** *конвенция, гендердик, конституция, сексуалдык, пункт, социалдык, психологиялык, уюм, модель, интимдик, форма, процент.*

*В этой статье, во всем мире, и уровень гендерного насилия в отношении женщин в Кыргызстане и потоки формируют базовые знания о системе. Гендерное равенство является одним из приоритетов в развитии Кыргызской Республики. Гендерное насилие оказывает значительное влияние на общее здоровье жертв: сексуальное, репродуктивное, внутреннее и психическое здоровье. Вред гендерного насилия может быть очень быстрым и острым, хроническим и продолжительным. Также ущерб от травм не исчезнет еще долгое время после окончания насилия. Чем выше уровень насилия, тем сильнее влияние на здоровье. Последствия нескольких форм насилия (например, сочетание сексуального насилия с физическим насилием) и / или повторяющееся насилие в течение длительного периода времени обычно приводят к значительному ущербу для здоровья.*

***Ключевые слова:*** *конвенция, гендерное, конституция, сексуальное, пункт, социальная, психологическая, организация, модель, интимный, форма, процент.*

*In this article, throughout the world, both the level of gender-based violence against women in Kyrgyzstan and the flows form the basic knowledge of the system. Gender equality is one of the priorities in the development of the Kyrgyz Republic. ender-based violence has a significant impact on the overall health of victims: sexual, reproductive, internal and mental health. The harms of gender-based violence can be very rapid and acute, chronic and long-lasting. Also, the damage from the injuries will not go away for a long time after the end of the violence. The higher the level of violence, the greater the impact on health. The effects of several forms of violence (for example, a combination of sexual violence with physical violence) and / or repeated violence over a long period of time usually result in significant health damage.*

***Key words:*** *convention, gene, constitution, sexual, item, social, psychological, organization, model, intimate, form, percentage.*

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары эл аралык конвенцияларды улуттук мыйзамдарга киргизип эле тим болбостон, ошондой эле атайын мыйзамдардан дагы турат. Кыргыз Республикасынын Конституциясында эркектер менен аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге ээ, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ деп бекитилген [1, 6-б.].

Кыргызстанда гендердик жактан үстөмдүк кылууну жар салууга, басмырлоого, душмандашууга же зомбулукка чакырууга арийне тыюу салынат. Аял затынын, үй-бүлөлүк жана гендердик жактан өнүктүрүүнүн ролу, обочолонгон көйгөйлөрү, өлкөнүн жогорку деңгээлдеги аялдар гендердик зомбулукка дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө тилекке каршы кабылышат. Мурунку кылымдын 90-жылдарынын экинчи жарымынан баштап, аялдарга карата зомбулуктун масштабын аныктоого арналган изилдөөлөрүнүн саны жүрөк сыздатып, өсүп баштады. Бул изилдөөлөр гендердик зомбулук менен күрөшүүгө багытталган мыйзамдар менен стратегияларды иштеп чыгуу үчүн арийне негиз болуп калышты. Ошол эле учурда гендердик зомбулуктун басымдуу формалары жөнүндө билимдерде мүчүлүштүктөр бар. Анткени деги эли ушул күнгө чейин көптөгөн өлкөлөрдө гендердик зомбулук жөнүндө так, ишенимдүү маалыматтар жокко эссе, эгер алар бар болсо дагы колдонулган усулдамалардын ар түрдүүлүгүнөн салыштырууларды жүргүзүүгө өкүнүчтүүсү жол ачып бербейт өндүү көрүнөт.

Көрсөткүчтөрдү чогултуу жана изилдөө жүргүзүү боюнча учурдагы демилгелер интимдик өнөктөштөр, сексуалдык зомбулуктар, балдарга аёсуз мамиле жасоо жана аялдардын жыныстык органдарын талкалоочу операцияларды жасоону изилдөөгө багытталган, ошол эле учурда гендердик зомбулуктун көптөгөн башка формалары жеткиликтүү деңгээлде документтештирилген эмес экендиги зээнинди кейитет.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Алардын катарына аскердик карама-каршылыктардын учурунда аялдарга карата сексуалдык зомбулук, аялдарды жана кыздарды сатуу, жумуш ордунда, мектептерде жана убактылуу кармоочу туруучу жайларда, мисалы, саламаттыкты сактоо мекемелеринде, абактарда жана [2, 68-б.] кармоо пункттарында, ошондой эле сексуалдык кызмат көрсөткөн жарандарга дагы карата сексуалдык жактан артынан түшүү жана зомбулук.

Гендердик зомбулуктун жайылышынын масштабын аныктоо үчүн толук кандуу дагы, ошондой эле тандалма дагы изилдөөлөр жүргүзүлүп жаткандыгын, алардын жыйынтыктары калктын чоң тобуна мүнөздүү экендигин баса белгилеп кетүү керектиги учур талабы экени талашсыз. Мисалы, укук коргоо органдарындагы, соттордогу, саламаттыкты сактоо органдарындагы же кризистик борборлордогу учурдагы расмий көрсөткүчтөр толук кандуу болбой жаткандыгы жүрөк сыздатат, себеби алар белгилүү болгон окуяларды гана чагылдырышат эмеспи. Ошондуктан, саясатты түзүүдө жана программаларды иштеп чыгуу үчүн калкты сурамжылоого негизделген изилдөөлөр жүргүзүлүүдө жана оболу пайдалуу натыйжаларга умтулуу экендигинде.

Зомбулуктун кеңири масштабда жайылышы жөнүндө Бүткүл Дүйнөлүк Саламаттыкты сактоо уюму тарабынан жарыяланган көрсөткүчтөр боюнча (БДССУ) [2, 33-б.], дүйнө жүзү боюнча ар бир үчүнчү аял өзүнүн жашоосунда интимдик өнөктөшү тарабынан дене бойлук же сексуалдык зомбулукка кабылат, же болбосо ага башка адам тарабынан сексуалдык зомбулук жасалат. Интимдик өнөктөшү тарабынан зомбулук аялдарга карата зомбулуктун өкүнүчтүүсү абдан кеңири тараган түрү болуп эсептелет жана ошондой эле айтор дүйнө жүзүндөгү аялдардын 30 процентин камтыйт. Эл аралык изилдөөлөргө таянсак, болжол менен аялдардын 20 проценти жана эркектердин 10 проценти бала кезинде эле аёсуз жүрөк үшүн алган сексуалдык зомбулукту башынан өткөргөндүктөрү жөнүндө билдиришкен.

Жаштардын арасындагы зомбулук анын ичинде, жолугушуулардын учурундагы зомбулук айтор дагы абдан маанилүү көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Кыргыз Республикасында аялдарга жана кыздарга карата зомбулук өкүнүчтүүсү ар түрдүү формаларга ээ десем жаңылыштык кетирбесем керек, себеби алар үй-бүлөлүк зомбулук (дене бойлук, психологиялык, экономикалык), сексуалдык зомбулук, айтор өспүрүм курагындагы никелер, аялды никеге туруу үчүн эркине каршы, мажбурлап уурдоо жөнүндө сөз айтуу учурда абдан оор болуп турат, анткени жакында эле Кыргызстанда үрөй учурган окуя ктталып, эл ызы-чуу болуп турган чагы. Анда жүрөк титиреткен окуя боюнча сөз баштасам, 27 жаштагы Айзада Канатбекованы Бишкектеги көчөлөрдүн биринен белгисиз үч адам күчкө салып, кыздын эркине каршы туруп, унаага салып кеткени тууралуу маалымат милицияга 5-апрелде саат 7:30 чамасында берилген. Бул учур жол боюндагы кафенин видеокамерасына түшүп калганы белгилүү болгон. Тасма ошол эле күнү интернет талаасына жайылып, коомчулукту дүрбөлөңгө салып жиберди. Өкүнүчтүүсү эки күндөн кийин кыздын жана аны уурдаган эркектин сөөгү Бишкектин четиндеги Арашан жана Чокморов айылдарына жакын жердеги талаадагы автоунаадан табылгандыгы белгилүү болду. Бул окуя боюнча шаардык милиция адам уурдоого шектүү, 36 жаштагы Замирбек Теңизбаев алгач кызды футболка менен муунтуп өлтүрүп, андан соң өзүнүн күрөө тамырын кыйган ачыктаган. Теңизбаевдин өтмүшүн изилдөөнүн жыйынтыгында, буга чейин Орусияда ар кандай кылмыштар үчүн үч ирет соттолуп, абакта отуруп чыкканы белгилүү болгон. Учурда Айзаданын өлүмүнө байланыштуу төрт адам кармалып, тергөө иштери жүргүзүлүп жатат. Бул окуя Кыргыз элинин трагедиясы эмеспи, бул окуя катталгандан сон, коомчулукта милицияга карата сын-дооматтар күчөдү. Бишкек менен Ошто ИИМдин жетекчилигинин кызматтан кетишин талап кылган акциялар бир нече жолу болуп өттү.

Эске салсак Кыргызстанда мындай кишинин тулку боюн титиреткен кандуу окуя буга чейин да катталган. Тагырагы 2018-жылдын май айында 20 жаштагы студент Бурулай Турдаалы кызы ала качуунун курмандыгы болгону ъкүндүрът. Аны Жайыл райондук милиция бөлүмүндө ала качкан бала бычактап өлтүрүп, андан кийин өз жанын кыюуга аракет кылган деп айтылат. Мындай оозго алгыз окуялар Кыргызстандын трагедиясы.

Бул окуяга байланыштуу Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) аялдар түзүмүнүн Кыргызстандагы өкүлү Улзийсурен Жамсран уурдалып, өлтүрүлгөн Айзаданын окуясы тууралуу пикирин 9-апрелде өкмөттүн Баткен облусундагы өкүлү Өмүрбек Суваналиев менен жолугушуусунда билдирди. Анда тараптар атын атагыз ала качуунун курмандыгы болгон Айзада Канатбекованын окуясын талкуулашкан.

Өмүрбек Суваналиев Кыргызстанда кыз ала качууну салт эмес, кылмыш, зомбулук деп атап, уурдап барып мажбурлап никеге туруу акылга сыйгыз, жапайчылык экенин айтып өткөн. Өкүл мындай каргашалуу окуя кайталанбашы үчүн жергиликтүү бийлик, укук коргоо органдары менен биргеликте элге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү зарыл экендигин ошондой

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



эле эл менен тыгыз иштешүү керектигин баса белгилеген. Улзийсурен Жамсран өкмөт БУУнун аялдар түзүмү Кыргызстандагы аялдарга зомбулукту жоюу аракеттерин толук колдоого даяр экенин билдирип өткөн. Жолугушууда тараптар аялдардын коомдогу орду, алардын укуктары жана мүмкүнчүлүктөрүнүн абалы боюнча пикир алышуу жүргүзүшкөн. Аймактын ар тараптуу өнүгүүсүндө гендердик теңчиликти камсыздоо, аялдардын активдүү жашоо образын калыптандыруу боюнча демилгелерди ишке ашыруунун жолдору жөнүндө сунуштар айтылып, талкуулашкан. Бул тууралуу өкмөттүн Баткендеги өкүлчүлүгүнүн басма сөз кызматы кабар таркаткан.

Мындай каргашалуу окуялар боюнча мен эмнелерди айткым келет «Акыркы 30 жыл аралыгында жаш муун тарбиядан абдан алсызданып, аксап калды десем болот. Тарбиянын баалуулугу, үй-бүлө институтунан көз каранды эмеспи, үй бүлөдө акыл насаат, пайдалуу кеңештер, туура жолго баштоо, элге кызмат кылуу, патриоттуулук сезимди ойготуучу, стимул берүүчү сөздөр көп айтылбай калды. Коомдо зордуктоого кабылгандар, кысым көрсөткөндөр, кысым көргөндөр көбөйдү. Азыркы жаштар жандуу турмуштан алыстап, интернет аркылуу таанышып, баш кошуп калганы да ойлондурат. Азыркы тартылган клиптердин 90 пайызга жакыны тарбия бермек турсун, зыян берүүчү терс көрүнүш катары бааласак болот. Бул жааттагы маданий ишмерлер тарбиялык мааниси бар, пайдалуу окуяларды камтыган көрүнүштү көп көрсөтүшү учурдагы заман талабы. Зордуктоонун, ала качуунун кесепети кандай болорун, зыянын чагылдырышы абзел. Кыргызда “Уядан эмнени көрсө учканда ошону алат" деген жакшы накыл сөз бар эмеспи. Ошондуктан үй бүлөнүн башкаруучусу, жол башчысы болгон ата-энелер балдарына көбүрөөк убакыт бөлүп, тарбия берүү менен алектенүүсү зарыл деп билем. Эне – *бул* мектеп, эгер ал онолсо коом онолот, эгер ал бузулса коом бузулат.

Аялдарга карата зомбулуктун тамыры коомдук жана жеке жашоодо тарыхый жактан татаалдашып кеткен аялдар менен эркектердин тең укуксуздугуна жана аялдарды салттык жактан басмырлоого барып такалат. Аялдарга карата зомбулук – эркектер үчүн анын жардамы менен аялдардын өз алдынчалуулугун чектөө жолдорунун бири болуп саналат. Аялдарга карата зомбулук конкреттүү маданий түзүлүштүн, өлкөлөрдүн, аймактардын же коомдогу топтордун өз алдынча бир жээктеги өзгөчөлүгү болуп эсептелбейт [3, 13-б.].

Зомбулуктун пайда болушунун себептери жеткиликтүү деңгээлде көп түрдүү, алар ар түрдүү факторлордун айкалышуусу аркылуу аныкталат, мындай көрүнүштүн болгондугу үчүн факторлордун бирөөнү дагы бөлүп караганга болбойт, ошондуктан зомбулук коркунучунунфакторлорун жана себептерин кароо зарылчылыгы келип чыккан.

Гендердик зомбулуктун бир нече маанилүү себептери бар. Биринчиден, зомбулук социомаданий табиятка ээ болушу мүмкүн, аял менен эркектин ортосундагы өз ара мамилелердин табияты жөнүндө сырткы таңгалуулары менен бекемделген жана алардын моделинин жалгыз мүмкүнчүлүгү катары кабыл алынган тарбиясы аркылуу берилген стереотиптик элестетүүлөрдүн ажыратылгыс бөлүгү дагы болушу мүмкүн.

Аёосуз мамиле индивиддин же индивиддердин жашоодогу жеке тажрыйбаларынын жыйынтыгы болушу мүмкүн, мына ушундан улам алар үчүн өз ара мамиленин мындай тиби универсалдуу деген моралдык психологиялык негиз жаралат. Себептердин кийинки тобу бала курагындагы талкалоочу тажрыйба «бала курактагы жаракат» менен байланыштуу, бул индивидди өзүнүн бала курагындагы комплекстерин жакындарына таңуулаганга мажбур кылат.

Зомбулуктун себеби, индивидуумдун социалдык жана психологиялык жактан туруксуздугу болушу мүмкүн, ал өзүнүн өксүгүнүн ордун алсызыраактардан, каяша жооп бере албаган жана өзүн коргой албагандардын эсебинен толтуруу керек деген жеке ишениминин негизинде башкалардан издейт. Мүнөзүндө буйрук кылуу менен башкарып алуу белгилери жана өзгөчөлүктөрү бар, алар өз убагында адекваттуу тарбиялоо жолу менен жоюлбаган индивиддин жеке өзгөчөлүктөрү дагы зомбулуктуу жүрүм-турум аркылуу берилиши мүмкүн [3, 16-б.].

Гендердик зомбулуктун пайда болуу коркунучунун факторлорун төрт деңгээлде айырмалашат: жеке деңгээлде, мамилелердин деңгээлинде, жергиликтүү жамааттардын деңгээлинде жана түзүмдүк деңгээлде. Бул факторлор өз алдынча жеке бир адам зомбулуктун курмандыгы же күнөөкөрү болуп калышы жогору экендиги менен байланыштуу. Бул модель гендердик зомбулук коркунучунун факторлорун жана алардын ортосундагы өз ара байланышты түшүнүү үчүн бир бүтүн схеманы сунуштайт.

Гендердик зомбулуктун жыйынтыгында жабырлануучу өмүрү менен кош айтышкан учурлар дагы болуп калат. Окуянын өмүр менен кош айтышууга жеткирген чеги зордукчу аялды өлтүргөн учур, же ден соолугуна олуттуу кейгөйлөргө алып келген жыйынтык болушу мүмкүн. Мисалы, жаракат алуудан улам психикалык жактан жабыркоо, өз өмүрүнө кол салган жүрүм-турумдун себеби болуп, жыйынтыгында өлүмгө дуушар кылышы мүмкүн. Сексуалдык зомбулуктун жыйынтыгында АИЖВнун (ВИЧтин) жугуусу,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



СПИДке алып келип, акыркы жыйынтыгы өлүм менен аяктап калышы дагы мүмкүн. Ден соолуктарына тийгизген коркунучтуу зыяндарынан сырткары, зомбулук аялдарды алардын социализацияланышына таасирин тийгизе турган психологиялык абалга жеткирет, өздөрүнүн тартылуу деңгээлдеринин абдан төмөндөшүнө мажбур кылат, аларда башына түшкөндөрдү тагдыр деп кабыл алууга даяр болуу сезимдерин пайда кылат, кадимкидей эмгектенип, өмүр сүргөн мурдагы жашоосуна кайрадан кирүүсүн татаалдантат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, ата-энелери балдарына зомбулук жасаган окуялар дайыма кайталанган шартта жашоо улана берсе, кийинки муундун психологиясына зомбулук бекем кирип, алардын аңсезимине бекем уюп калуусуна жол ачкан жүрүм-турумдун туруктуу зомбулуктуу моделдери жана баалуулуктары, көз караштар укумдан тукумга берилет.

Күйөөсү тарабынан дене бойлук же сексуалдык [4, 7-б.] зомбулукка кабылган аялдардын жарымынан көбү (57 проценти) дене бойлук жаракат алышкан: алардын ичинде алардын сөөктөрүн сындырышкан жана тиштерин чыгара чабышкан, дене боюнда тытыктар жана шишиктер калган. Буга карабай, МДИнин көрсөткүчтөрү боюнча, болжол менен дене бойлук же сексуалдык зомбулукка кабылган аялдардын 40 проценти жардам алуу үчүн кайрылышкан. Эрежеге ылайык, билим жана материалдык жашоосунун абалы төмөн аялдар башкаларга караганда жардам алууга азыраак кайрылышат [4, 6-б.].

**Жыйынтык.** Илимий макаланын жыйынтыгында жалпы дүйнө жүзүндө жана Кыргызстанда аялдарга карата гендердик зомбулуктун абалдары жана агымдары жөнүндө базалык билимдердин системасын калыптандыруу.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 2010-жыл 27-июнь.
2. Адам укуктарынын жалпы декларациясы 1948-жыл 10-декабрь.
3. Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт 1966-жыл 16-декабрь.
4. Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жок кылуубоюнча конвенциясы 1979-жыл 18-декабрь.
5. Ибраимова Г.З. Проблемы соотношения уголовно-процессуальной и оперативно-розыскной деятельности. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2014. №. 9. С. 57-62.
6. Мусина Р.М., Сарсенова А.М. Аялдарга карата зордук-зомбулук кылмышынын көйгөйлүү маселелери. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2020. №. 4. С. 73-77.